# Детектив Пранав



Автору: Адитя Шваминатхан

Сүрөтчү: Жемма Жосе

Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

# Детектив Пранав

Автору: Адитя Шваминатхан
Сүрөтчү: Жемма Жосе
Которгон жана адаптациялаган: Талантбек Шабиев

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Детектив Пранав" (кыргыз тилинде) Талантбек Шабиев тарабынан которулуп адаптацияланган Pranav the Pattern Detective (англисче) чыгарманын негизинде, автору Aditya Swaminathan, сүрөтчүсү Jemma Jose, Pratham Books © 2008 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын  түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/122951-pranav-the-pattern-detective

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Мына, топ дагы бакка илинип калды, кезек сенде, – деди Арджун.

− Албетте, мен аны тез эле алып келем, − деди Пранав.

− Сен топту көрүп жатасыңбы?


Бирок Пранав топтун ордуна аарынын уюгун таап алды.



− Карачы! Бул аарынын уюгу экен, – деди Пранав.

− Аарылар бар бекен? Абайла! – деди Мaанса.

− Камсанаба, аарылар жок экен! Кызык, булардын уюгу бири-бирине куюп койгондой окшош оюкчалардан турат экен, − деди Пранав.



– Кызык, эмнеге алар ушундай калыпты тандап алышкан? Эгер аарылардын уюктары тегерек болгондо эмне болмок? Жок, анда болбой калат го? – деп ал ойлоно кетти.



− Аарылар аябагандай акылдуу келишет. Алты бурчтуу уюк бири-бирине кынтыксыз кыналат, бул жагынан алар пазлга окшош, − деп ал досторуна түшүндүрдү. Ал аарылардын уюгун бир күн бою изилдеп чыккан.

Алты бурчтукка алты тараптан кайрадан алты бурчтуктарды кошо берсе болот.

– Демек, аарылардын үйлөрүн куруу эң ыңгайлуу, – деп математика мугалими мистер Дас сөзгө аралашты.

– Алар муну кимден үйрөнүштү болду экен? – деди Пранав.

– Алар калыпты колдонушат. Керек болсо айланадагылардын баары калып менен жасалган, − деди мугалим Дас.



Пранав эртеси базардагы жер-жемиштерди изилдей баштады.

Ал ананастын, ашкабактын, апельсиндин ички түзүлүштөрүн изилдеп көрдү.

Ал жемиштердин ичи ар түстө болуп, сырттары башкача эле. Бирок жемиштер бири-бирине окшош эмес болчу.

“Демек, ар бир жемиштин өзүнчө калыбы бар турбайбы”, – деген жыйынтыкка келди.







Эми Пранав из кубар болду.

− Мен жаратылыштагы нерселердин көбү калып менен жасалгандыгын байкадым, − деди эртеси ал классташтарына.


− Жашообузда деле андай калыптар көп болсо керек? Мүмкүн сен муну үй тапшырма катары алып жүрбө? – деди Дас мырза.

− Мен кандай формадагы калыптарды изилдешим керек?


− Өзүң каалагандай! – деп Дас мырза тактага жазды.



Пранав үйүнө келип, тапшырма жөнүндө ойлонуп жатты.
Ал өз үйүн үч, төрт бурчтуу да кылып элестетип көрдү .
Бир аздан соң ал айланадагы калыптарды көрө баштады.



Килем, китеп текче, терезелердин баары калыпка салынгандай эле.
“Демек, бир гана аарылар эле акылдуу эмес экен да”, – деген ойго келди.



Пранав өзүнүн кыялындагы үйдү элестетип жатты.

Чоң энесинин үйүнүн кире беришиндегидей, кызыл төрт бурч кирпичтер.

Ак-кара түстөгү төрт бурч плиткалар.

Кимде-ким жөнөкөй формаларды билсе, демек ал аарыларга, мага да, сизге да үй куруп бере алат.







Оймо-чиймелерди тап.


Жаратылышта биздин оюбузга келбеген формаларды кабыл алуу жана аларды бириктирүүнүн укмуштуудай ыкмалары бар.

Пранав аны өзүн курчап турган дүйнөдөн ананастын сыртынан, апельсиндин ичинен, аарынын алты бурчтуу уюгунан көрдү.

Кээ бир алты бурч, квадрат сыяктуу фигуралар бири-бирине төп келип, жылчык калбай кыналат экен.

Бирок кээ бир фигуралар мындай болбойт, мисалы, айлана. Жаратылыштагы формалар кайталануучу оймо-чиймеге бириккен убакта актай жер же жылчык калбаса, бул “Курак” деп аталат.





Пранав кишилердин да тесселяцияны колдонгонун көрдү. Биз оймо-чийме жасаш үчүн формаларды кайталайбыз. Аларды китеп текчелердин долбоорун чийүүдө, сепилдерди курууда жана искусство чыгармаларын жаратууда бул моделдерди колдонобуз.

"Тесселяция” дегенди жөнөкөй сөз менен кынаштыруу десек болот.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автору: Адитя Шваминатхан
Сүрөтчү: Жемма Жосе
Которгон жана адаптациялаган:
Талантбек Шабиев



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**